Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д10.19.594 диссертациялык кенешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин кандидаты, доцент С.Ж.Давлатованын Семиз Кенандын «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берген

КОРУТУНДУ ПИКИРИ

Диссертациялык кенеште корголо турган кандидаты кдиссертациянын адистикке тиешелүүлүгү.

Семиз Кенандын «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши 10.02.06 – түрк тилдери адистигинин профилине дал келет.

Изилдөөнүн максаты катары кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексиканын бири-бирине окшоштук, өзгөчөлүк маселесин лингвистикалык өңүттөн ачып берүү тандалып алынган.

Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй конкреттүү милдеттер коюлуп, жеткиликтүү аткарылган:

1) Кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдү жыйноо жана иретке келтирүү;
2) Иликтөөгө алынып жаткан сөздөрдү лексика-семантикалык топторго жана топчолорго бөлүү;

14-10-19

3) Кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн атоолорунун лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;
4) Кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу айрым сөздөрдүн чыгыш тегин факты-материалдардын жардамы аркылуу аныктоо;
5) Кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн пайда болуу, жасалуу жолдоруна анализ жасоо;
6) Иликтөөгө алынып жаткан эки тилдеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн бири-бирине окшоштук, өзгөчөлүк маселесин ачып берүү.

Изилдөөнүн объектиси – кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексика.

Изилдөөнүн илимий-теориялык жана методологиялык базасы катары жалпы тил жана түркология илиминдеги лингвистердин эмгектери, алардагы теориялык жоболор пайдаланылган. Изилдөөдө анализ-синтездик, салыштырма-тарыхый, лингвистикалык сыпаттоо методдору колдонулган.

2. Теманын актуалдуулугу.

Тандалган теманын актуалдуулугун, тил илими үчүн зарылдыгы төмөндөгү изилдөө багыттары менен түшүндүрүлөт:

1. Буга чейин кыргыз жана түрк тилдериндеги тарыхый өнүгүүнүн маанилүү катмары катарында дыйканчылык лексикасынын изилдөөгө алынбагандыгы;
2. Атайын комплекстүү эмгектердин жазылбагандыгы;
3. Азыркы кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексиканын аталышы боюнча төптоо, тактоо, классификациялоо, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүнүн аныкталышы.

3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары:

1. Кыргыз жана түрк тилдери кесиптик лексиканын бир тармагы

болгон дыйканчылыкка байланыштуу сөздөргө жана атоолорго бай экендигинин, көпчүлүк сөздөрдүн эки тилде бирдей колдонулгандыгы жана айрым сөздөрдүн жашоо шартка байланыштуу айырмачылыктарга ээ болгондугунун аныкталышы (2-бап, 3-бап);

2. Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн морфологиялык табияты боюнча затты, кыймыл-аракетти, сын-сыпатты ж.б. туюндуруусунун, туунду сөздөрдү жаратуучу мүчөлөрдүн аныкталышы (2-бап: 2.2, 2.3, 2.4, 2.5, 2.6, 2.8; 3-бап:3.2,3.3);

3. Дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн таралыш аймактары, диалектилик өзгөчөлүктөрү боюнча бөлүштүлүүсүнүн аныкталышы (2-бап:2.2,2.3,2.4,2.5,2.6,2.7; 3-бап:3.5.1,3.5.2);

4. Кыргыз-түрк тилдеринин дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн пайда болуусундагы сөз жасоонун морфологиялык жолунун аныкталышы (2-бап:2.1,2.2,2.3,2.4,2.5; 3-бап:3.2,3.3,3.3.1);

5.Дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн синтаксистик жол менен жасалышынын аныкталышы (3-бап: 3.4.1,3.4.2,3.4.3);

6.Дыйканчылык, эмгек процесстерине байланышкан атоолордун, сөздөрдүн коомдук-саясий шартка ыңгайлашкандыгынын аныкталышы (2-бап:2.4,2.5,2.6,2.7,2.8; 3-бап:3.5.1, 3.5.2).

4.Диссертациядагы жыйынтыктардын жана корутундулардын илимий жактан негизделиши.

1-жыйынтык. Кыргыз жана азыркы түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу колдонулган сөздөрдүн, атоолордун арбын экендиги, көпчүлүгүнүн эки тилге орток экендиги жана айырмачылыктары салыштыруу, анализдөө аркылуу аныкталган (2-бап, 3-бап);.

2-жыйынтык. Дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн заттык, сын-сыпаттык, кыймыл-аракеттик маанилерди билдиргендиги аныкталуу менен, тубаса, туунду экендиги белгиленип, эки тилдин лексикасында туунду сөздөрдүн басымдуу колдонулгандыгын далилдүү мисалдар менен аныктай алган (2-бап: 2.2, 2.3, 2.4, 2.5, 2.6, 2.8; 3-бап:3.2,3.3).

3-жыйынтык. Эки тилдеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр колдонулуу чөйрөсү, айырмаланган өзгөчөлүктөрү боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлүп, далилдүү мисалдар аркылуу көрсөтүлгөн: а) кыргыз жана түрк тилинде бирдей тарап, бирдей мааниде колдонулган сөздөр; б)тыбыштык составы, морфологиялык түзүлүшү боюнча айырмаланган сөздөр; в)семантикалык жактан өзгөрүүгө дуушар болгон сөздөр; г) бир тилде колдонулуп, экинчи тилде пайдаланылбаган сөздөр (2-бап: 2.2,2.3,2.4,2.5,2.6,2.7; 3-бап:3.5.1,3.5.2).

4-жыйынтык.Кыргыз-түрк тилдеринде дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн жасалышында сөз жасоонун морфологиялык ыкмасынын кеңири колдонулгандыгы далилдүү мисалдардагы талдоолор аркылуу көрсөтүлгөн (2-бап:2.1,2.2,2.3,2.4,2.5; 3-бап:3.2,3.3,3.3.1).

5-жыйынтык. Дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн пайда болуусундагы сөз жасоонун синтаксистик ыкмасынын ролу анализдөө аркылуу далилденген (3-бап: 3.4.1,3.4.2,3.4.3).

6-жыйынтык. Дыйканчылык, эмгек процесстерге байланыштуу сөздөрдүн, атоолордун лексикага кабыл алынуусу коомдук-саясий шартка байланыштуу экендиги көрсөтүлүп, кыргыз тилинде орус тилинен, ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөрдүн көп экендиги, ал эми түрк тилине грек, англис, француз тилдеринен кирген сөздөрдүн арбын колдонулгандыгы далилдүү мисалдар менен аныкталган (2-бап:2.4,2.5,2.6,2.7,2.8; 3-бап:3.5.1, 3.5.2).

5.Сунушталган жыйынтыктардын жаңылык деңгээли.

1-жыйынтык жаңы, анткени кыргыз жана азыркы түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн калыптанышы жана өнүгүшү боюнча буга чейин атайын иликтөө жүргүзүлгөн эмес.

2-жыйынтык жаңы, анткени дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн заттык, сын-сыпаттык, кыймыл-аракеттик маанилерди билдиргендиги, жасалышы боюнча тубаса,туунду экендиги илимий булактардын негизинде салыштыруу аркылуу аныкталбаган.

3-жыйынтык жаңы, анткениэки тилдеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн колдонулуу чөйрөсү, айырмаланган өзгөчөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү буга чейин атайын салыштырып анализдөө жүргүзүлгөн эмес: *а) кыргыз жана түрк тилинде бирдей тарап, бирдей мааниде колдонулган сөздөр; б)тыбыштык составы, морфологиялык түзүлүшү боюнча айырмаланган сөздөр; в)семантикалык жактан өзгөрүүгө дуушар болгон сөздөр; г) бир тилде колдонулуп, экинчи тилде пайдаланылбаган сөздөр.*

4-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, себебисөз жасоонун морфологиялык ыкмасынын түрк тилдериндеги сөз жасоодо байыркы ыкмалардан экендиги далилденген, ал эми дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн аталган ыкма менен жасалышы жаңы иликтөөгө алынып, сөздөрдүн *–ыш, -оо, -уу, -чы, -чылык* сыяктуу мүчөлөрдүн жардамы менен жасалышы анализдөө аркылуу тастыкталган.

5-жыйынтык жаңы, анткени дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн синтаксистик жол менен жасалышы аныкталып, сөздөр бириккен, кош жана кошмок сөздөр деп топтоштурулуп, жасалуу жолу анализденген.

6-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, анткени дыйканчылык, эмгек процесстерге байланыштуу сөздөрдүн, атоолордун лексикага кириши коомдук-саясий шартка байланыштуу экендиги, чыгыш теги кайсы тил экендиги тил илиминдеги окумуштуулар тарабынан аныкталган, бирок бул иште алар системалаштырылып, тактоолор киргизилген (2-бап:2.4,2.5,2.6,2.7,2.8; 3-бап:3.5.1, 3.5.2).

6. Алынган жыйынтыктардын теориялык жана колдонмо багыттарга тиешелүү маселелерди чечүүдөгү наркы.

Изилдөө жүргүзүүнүн натыйжасында алынган жоболордун жана жыйынтыктардын негизинде кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышынын, өнүгүшүнүн салыштырылып изилдениши түркология илиминин лексикология жана морфология бөлүмдөрү үчүн баалуу материалдарды бере алат.

7.Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.

Иштин практикалык мааниси бар, анткени котормо жана түшүндүрмө сөздүктөрдү түзүүдө, орто жана жогорку окуу жайларында лексикология жана айрым учурда морфология бөлүмү боюнча билим берүүдө иштин жыйынтыгы пайдаланылса болот.

8.Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарыяланышы.

Диссертациянын негизги мазмуну изденүүчүнүн төмөндөгү илимий эмгектеринде чагылдырылган:

1. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын айрым өңүттөрү [Текст] / К.Семиз // Наука и новые технологии. -2013. №8. -68-70-бб.

2. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасын изилдөөнүн айрым маселелери жөнүндө [Текст] / К.Семиз // Наука и новые технологии. -2014. №6. -113-116-бб.

3. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын изилдениш тарыхы жөнүндө [Текст] / К.Семиз // К.Карасаев ат. БГУнун Жарчысы. -2015. №3-4. -33-34-бб.

4. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын жасалыш жолдорун изилдөөгө карата [Текст] / К.Семиз // Кыргыз тили жана адабияты журналы. -2016. №29. -14-16-бб.

5. Семиз, К. Лексико-семантическая классификация земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках [Текст] / К.Семиз // Международный научный журнал «Spirittime». -2019. №2 (14).–С.21-24-бб.

6. Семиз, К. Сравнительный план морфемного состава земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках [Текст] / К.Семиз // Международный научный журнал «Spirit time». -2019. №2 (14). –С.24-27-бб.

9. Автореферттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.

Автореферетта диссертациянын негизги мазмуну кыскача чагылдырылган. Автореферетка коюлуучу талаптар сакталган, диссертациянын мазмунуна дал келет.

10.Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши.

Семиз Кенандын «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча эксперттик комиссиянын мүчөсү, филология илимдеринин кандидаты, доцент С.Давлатова төмөнкүлөрдү сунуш кылат:

Жетектөөчү мекеме: К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасы. Дареги: 722200, Каракол шаары, Ж.Абдрахманов көчөсү, 103.

Биринчи оппонент: Сагынбаева Бурул – филология илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз-Түрк Манас университетинин түркология бөлүмүнүн башчысы.

Илимий эмгектери:

1.Сагынбаева, Б. Азыркы түрк тилдериндеги морфологиялык парадигматика [Текст] / Б.Сагынбаева. –Б., 2007.

2.Сагынбаева, Б. Түрк жана кыргыз тилдеринин салыштырма морфологиясы [Текст] / Б.Сагынбаева. –Б., 2010.

3.Сагынбаева, Б. Кыргыз тилинин функционалдык грамматикасы [Текст] / Б.Сагынбаева.–Б., 2015.

Экинчи оппонент: Карыбекова Майрамкүл – филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын доц.м.а.

Илимий эмгектери:

1.Карыбекова, М. Көркөм сүрөт өнөрү жана архитектура боюнча терминологиялык сөздүк тууралуу [Текст] / М.Карыбекова // Вестник УСТА. –Бишкек, 2005. Вып. 4(10). -135-139-б.

2.Карыбекова, М. Көркөм сүрөт өнөр терминологиясындагы интернационалдык терминдер [Текст] / М.Карыбекова // Гуманитарные проблемы современности. –Бишкек, 2011. -66-72-б.

3.Карыбекова, М. Көркөм сүрөт терминдеринин жасалуу жолдору [Текст] / М.Карыбекова // Вестник КГУСТА. –Бшкек, 2010. Вып. 3(29). -181-184-б.

Диссертациялык иштин мазмунунда жана түзүлүшүндө кездешкен айрым кемчиликтер.

Диссертациялык иш боюнча төмөнкүдөй сын-пикирлерди, сунуштарды айтууга болот:

1. Диссертациялык иште да, автореферетта да изилдөөнүн материалдары жана методдору 2-бапта көрсөтүлгөн. Аны изилдөөнүн жалпы мүнөздөмөсүнө киргизүү оң.

2. Бир жерде айтылган ой экинчи жерде дагы кайталанып берилген. Мисалы, 55-беттеги *dal* сөзүнүн келип чыгышы жөнүндөгү ой 60-бетте да берилген жана *жәгәнә* деген сөздүн лексикалык мааниси 68-бетте да, 73-бетте да чечмеленет.

3. 3-баптын 37-бетинде *огарык* деген түштүк диалектидеги сөз бириккен сөзгө киргизилип, 136-беттеок *арык* деп бөлүнүп жазылып, кошмок сөз катары каралган. Мында *ок арык* деген сөз айтылышы үндүүнүн таасири менен (*к* тыбышы *г* болуп) *огарык* болуп айтылары эске алынбаган (*ак үй* деген сөз айтылышында *агүй* болуп айтылат). Андыктан *ок арык* деген сөздү кошмок сөз катары эле кароо керек.

4. *Биринчи терим, экинчи терим, косек теруу, падбор теруу* деген сөздөр, менин оюмча, татаал сөздөр эмес, аныкталгычтан жана аныктоочудан турган сөз тизмектери.

5.Иште стилдик каталар бар. Ошондой техникалык каталар да арбын: сөздөрдүн биригип кетиши (46-б.,50-б.,51-б.,59-б.,66-б. ж.б.), тамгалардын орун алмашып жазылышы, түшүрүлүп калуусу (92-б.,154-б.,152-б,157-б.).

Орфографиялык каталар да жолугат: карапастан (26-б.), французз (104-б.), койот (143-б.), тарабтан (147-б.), көбөёт (51-б.) ж.б.

Ал эми пунтуациялык каталар көп. Айрыкча, киринди сөздөрдө(55-б.,62-б.,67-б.,71-б.,80-б. ж.б.), татаал сүйлөмдөрдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосуна үтүр белгисинин коюлушунда (52-б.,53-б.,60-б.,63-б.,64-б..66-б.,70-б.,73-б. ж.б.Үтүрбелгиси *бирок, анткени, себеби* деген байламталардан кийин коюлган учурлар да кездешет (34-б.,50-б..54-б.,55-б.,59-б. ж.б.) жана *же*байламтасынан мурда үтүр коюлган (11-б.,33-б.,146-б., 149-б.).

Акжубаз, майжубаз деген сөздөр кошмок сөз катарында бириктирилбей жазылуусу керек (май жуваз, ак жуваз).

И.Арабаев Э.Арабаев болуп жазылган (143-б.).

Ошондой эле сүйлөмдөрдө ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушунда да каталарга жол коюлган (95-б.,157-б. ж.б.).

Бул кемчиликтер диссертациялык иштин мазмунуна доо кетирбейт.

Андыктан Семиз Кенандын **«Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү»** аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши КРдин ЖАК тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет жана аталган изилдөө ишинен алынган тыянак-натыйжалар тил илиминде теориялык жана практикалык маниге ээ. Андыктан И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук

даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д10.19.594 диссертациялык кенешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү катары Семиз Кенандын «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин ачык коргоого сунуштайм.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
филология илимдеринин кандидаты, доцент С.Ж.Давлатова

Тастыктаймын:

ОшМУнун Окумуштуулар
кеңешинин катчысы *М.Байсубанов*

Диссертациялык кеңешке
2019-жылдын 25-ноябрында келип түштү.
Р. Ким

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 10.19.594 диссертациялык кенешинин эксперти, филология илимдеринин доктору, профессор М.А.Атакулованын Кенан Семиздин «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берген

КОРУТУНДУ ПИКИРИ

Диссертациялык кенеште корголо турган кандидаттык диссертациянын адистикке тиешелүүлүгү

Кенан Семиздин «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 - түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши 10.02.06 - түрк тилдери адистигинин профилине дал келет.

Изилдөөнүн максаты катары кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексиканын бири бирине болгон окшоштук, өзгөчөлүк маселесин лингвистикалык өңүттөн ачып берүү тандалып алынган.

Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй конкреттүү милдеттер коюлуп, жеткиликүү аткарылган:

1) кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексиканы жыйноо жана иретке келтирүү;

2) иликтөөгө алынып жаткан сөздөрдү лексика - семантикалык топторго жана топчолорго бөлүү;

13-10-19

3) кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн атоолорунун лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

4) кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу айрым сөздөрдүн чыгыш тегин факты-материалдардын жардамы аркылуу аныктоо;

5) кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн пайда болуу, жасалуу жолдоруна анализ жасоо;

6) иликтөөгө алынып жаткан эки тилдеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн бири-бирине окшоштук, өзгөчөлүк маселесин ачып берүү.

Изилдөөнүн объектиси кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексика болуп саналат.

Изилдөөнүн предмети — кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү.

2. Теманын актуалдуулугу

Изилдөөнүн темасы актуалдуу, түркология үчүн зарыл, анткени азыркы күнгө чейин кыргыз жана түрк тилдериндеги тарыхый өнүгүүнүн маанилүү катмары катарында дыйканчылык лексикасы изилдөөгө алынбаган, атайын комплекстүү илимий эмгектер жазылбаган жана алардын аталыштарын топтоо, тактоо, классификациялоо, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо багытында изилдөө жүргүзүлбөгөн.

Кесипчиликтин тармагы болгон дыйканчылык кесиби атайын лингвистикалык өңүттө кыргыз жана түрк тилдериндеги ушул мезгилге чейин изилдөөнүн объектисине айланбагандыгы жана тектештирме салыштырма планда иликтенбегендиги андагы тиешелүү сөздөр ушул кесиптин чөйрөсүндө жашап, адабий тилибизде белгисиз болуп келген атоолордун семантикасын ачып берүү сыяктуу маселелерди чечүү илимий иштин актуалдуулугу болуп эсептелет.

3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары

1) кыргыз жана түрк тилдериндеги дыйканчылык кесибине байланыштуу сөздөр биринчи жолу эки тилде тең атайын тематикалык изилдөөгө алынгандыгы (§§ 1.1,1.2, 9-27 бб.) ;

2) дыйканчылык терминдери семантикалык топторго бөлүнүп, маанисине карата майда топчолорго алынышы (§§2.1-2.8,28-115 бб.) ;

3) дыйканчылык терминдерден алынган сөздөр эки тилдеги окшоштук,өзгөчөлүк процесстери фоно-морфологиялык , сөз жасоочулук, лексика-семантикалык анализдер аркылуу ишке ашырылышы (§§ 3.2-3.4,118-144 бб.) ;

4) айрым сөздөрдүн чыгыш тегинин иликтениши менен эки тилдин тектештик маселесинин чечилиши (§ 3.5,145-153 бб.).

Демек, изилдөөдө бир кыйла жаңы илимий натыйжалар алынган жана алар негизделип сунушталган.

4. Диссертациядагы жыйынтыктардын жана корутундулардын илимий жактан негизделиши

1-жыйынтык. Бул натыйжа конкреттүү мисалдар менен негизделген; эки тилдеги эквиваленттер тыкыр келтирилген.

2-жыйынтык да керектүү жүйөөлөр менен тастыкталып, терминдердин семантикалык топтору ишенимдүү бөлүштүрүлгөн.

3-жыйынтык. Эки тилдеги мисалдардын окшоштуктары бөтөнчөлүктөрү лингвистикалык жактан ынанымдуу жиктелип , терең тастыкталган.

4-жыйынтык. Изилдөөдө этимология теориясы конкреттүү фактылардын жардамы менен өнүктүрүлүп,дыйканчылык аталыштарынын теги даана көрсөтүлгөн.

5. Сунушталган жыйынтыктардын жаңылык деңгээли

1-жыйынтык анчейин жаңы эмес, анткени дыйканчылык терминдеринин түрк тилдеринде колдонулушу мурдатан эле каралып келген.

2-жыйынтык жаңы, себеби изилдөөдө берилген классификация бизге көп деле маалым эмес эле. Автор муну даана ачып берген.

3-жыйынтык жаңы, түрк, кыргыз тилдериндеги дыйканчылык терминдеринин ортосундагы кескин айырмачылык, морфонологиялык бөтөнчүлүк жана тап-такыр окшошкондук иште оргиналдуу берилген, толук сыпаттоого ээ болгон.

4-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, себеби бул аталыштардын артыкчылыктарынын теги мурда эле белгилүү эле, кайсы бирөөлөрүнүкү бейтааныш болучу; кээ бир этимологиялар тактоону талап кылат.

6. Алынган жыйынтыктардын теориялык жана колдонмо багыттарга тиешелүү маселелерди чечүүдөгү наркы

Изилдөө бөлүктөрү бир темага, максатка, объектке жана предметке баш иет.Анда логикалык биримдик жана бүтүндүк орун алган.

Изилдөөдөгү факты - материалдар, тандалган мисалдар, чыгарылган бүтүмдөр, тыянакталган кортундулар өзөк бир идеяга, түрк жана кыргыз тилдериндеги дыйканчылык лексикасын талдоого арналып, анын ар кандай өңүттөрү чагылдырылат. Демек, иштин ички бүтүндүгүн түзгөн өзөк идея — бул түрк жана кыргыз тилдериндеги дыйканчылык лексикасынын калыптынышы, алардын жасалышы жана өнүгүшү. Кенан Семиздин диссертациялык иши дал ушул өзөк маселеге арналгандыгы менен актуалдуу. Ошол эле маалда иште сунушталган теориялык жоболордун логикалуулугу жана далилдүүлүгү, иликтөө жыйынтыктарынын алгылыктуулугу материалдарга жасалган анализ - талдоолордун негиздүүлүгү диссертациялык иштин ишенимдүүлүк даражасын арттырат.

7. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси

Иштин практикалык мааниси бар, анткени эмгектеги материалдарды кыргыз - түрк тилдеринин лексикасынын негизги курсунун тармактык термин системасын аныктоого, ушул кесип боюнча эки тилдүү жана түшүндүрмө сөздүктөрдү түзүүдө жана орто билим берүү жана жогорку окуу

жайларынын тил илими адистиктери үчүн окуу процесстеринде, лексикология объектисинде колдонсо болот.

8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарыяланышы

Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү илимий эмгектерде чагылдырылды:

1. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын айрым өңүттөрү [Текст] / К.Семиз // Наука и новые технологии. -2013. №8. -68-70-бб.

2. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасын изилдөөнүн айрым маселелери жөнүндө [Текст] / К.Семиз // Наука и новые технологии. -2014. №6. -113-116-бб.

3. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын изилдениш тарыхы жөнүндө [Текст] / К.Семиз // К.Карасаев ат. БГУнун Жарчысы. -2015. №3-4. -33-34-бб.

4. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын жасалыш жолдорун изилдөөгө карата [Текст] / К.Семиз // Кыргыз тили жана адабияты журналы. -2016. №29. -14-16-бб.

5. Семиз, К. Лексико-семантическая классификация земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках [Текст] / К.Семиз // Международный научный журнал «Spirittime». -2019. №2 (14).–С.21-24.

6. Семиз, К. Сравнительный план морфемного состава земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках [Текст] / К.Семиз // Международный научный журнал «Spirit time». -2019. №2 (14). –С.24-27.

Макалалардын РИНЦ системасына дал келиши тактоого муктаж.

9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну кыскача чагылдырылган. Автореферат диссертацияга шайкеш келет.

10. Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши

Жетектөөчү мекеме катары: Ж К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасы. Дареги: 722200, Каракол шаары, Ж.Абдрахманов көчөсү, 103.

Биринчи расмий оппонент – Сагынбаева Бурул – филология илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз-Түрк Манас университетинин түркология бөлүмүнүн башчысы

Илимий эмгектери:

Сагынбаева, Б. Азыркы түрк тилдериндеги морфологиялык парадигматика [Текст] / Б.Сагынбаева. –Б., 2007.

Сагынбаева, Б. Түрк жана кыргыз тилдеринин салыштырма морфологиясы [Текст] / Б.Сагынбаева. –Б., 2010.

Сагынбаева, Б. Кыргыз тилинин функционалдык грамматикасы [Текст] / Б.Сагынбаева.–Б., 2015.

Экинчи расмий оппонент – Карыбекова Майрамкүл – филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын доц.м.а.

Илимий эмгектери:

Карыбекова, М. Көркөм сүрөт өнөрү жана архитектура боюнча терминологиялык сөздүк тууралуу [Текст] / М.Карыбекова // Вестник УСТА. –Бишкек, 2005. Вып. 4(10). -135-139-б.

Карыбекова М. Көркөм сүрөт өнөр терминологиясындагы интернационалдык терминдер [Текст] / М.Карыбекова // Гуманитарные проблемы современности. –Бишкек, 2011. -66-72-б.

Карыбекова, М. Көркөм сүрөт терминдеринин жасалуу жолдору [Текст] / М.Карыбекова // Вестник КГУСТА. –Бишкек, 2010. Вып. 3(29). -181-184-б.

11. Сунуштар

1.Тема, объект өтө кенен алынып калган. Сөздөрдүн маанилерин, этимололгиясын талдоо чектүү, конкретүү эле предмет аркылуу жүргүзүлсө, изилдөө терең болмок. Мисалы, дыйканчылыктын бир эле тармагын алуу баалуу ишке негиз болмок (эгинчилик, багбанчылык ж.б.).

2. Иштин методдорунан «тектештирме жана тарыхый салыштырма ыкма» гана алынган(7б). Ыкма метод эмес. Эгер муну метод деп алсак, анда мындай метод да жок. Лингвистикада **тектештирме-тарыхый метод** бар. Изилдөөдө сыпаттоо,этимологиялык талдоо, саноо ж.б. методдор колдонулган. Алар жөнүндө сөз жок.

3. Изилдөөнүн жаңы натыйжалары атайын жиктелип белгиленбей калган. Автордун кайсы натыйжаларды алгандыгы даана билинбейт. Аларды иштен издеп таап чыгууга туура келет.

4. ЖАКтын талаптары боюнча II бапта иштин материалдары, методдору сапатталышы керек эле. Ошондуктан анын атын өзгөртүү зарыл. Бапка методдор тууралуу атайын парагарфты киргизүү абзел.

5. ЖАК III бапта изилдөөчүнүн жекече алган натыйжаларынын берилишин сунуштайт. Ошондуктан анын аталышын да, мазмунун да өзгөртүү талап кылынат.

6. Иште сөздөрдүн этимологиясы, келип чыгышы дурус берилген. Айрым учурдагы этимологиялык экскурстар тактоолорду, кошумчаларды талап кылат.

7. Иште стилистикалык, техникалык мүчүлүштүктөр көп. Параграфтар монотондуу, окшош шөкөттөлүп калган.

Кенан Семиздин «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши КРнын ЖАК тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет жана аталган изилдөө ишинен алынган тыянак-натыйжалар түрк тилдери үчүн теориялык жана практикалык маниге ээ. Андыктан И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 10.19.594 диссертациялык кенешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү Кенан Семиздин «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин ачык коргоого сунуштайт.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
филология илимдеринин доктору,
профессор Атакулова М.А.

Заверяю
проф. М.А. Атакулова
нач. отдела кадров К. Тагаранова

Диссертациялык кеңешке 2019-жылдын
25-ноябрында келип түштү.
Р. Ниш

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик уииверситетине караштуу филология илимдериии доктөру (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 10.19.594 диссертациялык кенешинин эксперттик комиссиясынын төрайымы, филология илимдеринин доктору, доцент Б.Сагынбаеванын Семиз Кенандын «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берген

КОРУТУНДУ ПИКИРИ

1. ***<u>Диссертациялык кеңеште корголо турган кандидаттык диссертациянын адистикке тиешелүүлүгү</u>***

Семиз Кенандын «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши 10.02.06 – түрк тилдери адистигинин профилине дал келет.

Изилдөөнүн максаты катары кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексиканын бири-бирине болгон окшоштук, айырмачылык жактарын лингвистикалык өңүттөн ачып берүү коюлган.

Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй конкреттүү милдеттер коюлуп, алар жеткиликтүү аткарылган:

1) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексиканы жыйноо жана иретке келтирүү;

2) Иликтөөгө алынып жаткан сөздөрдү лексика-семантикалык топторго жана топчолорго бөлүү;

12-10-19

3) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн атоолорунун лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

4) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу айрым сөздөрдүн чыгыш тегин факты-материалдардын негизинде аныктоо;

5) Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн пайда болуу, жасалуу жолдоруна анализ жасоо;

6) Иликтөөгө алынып жаткан эки тилдеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн бири-бирине окшоштук жана өзгөчөлөлөнгөн жактарын ачып көрсөтүү.

Изилдөөнүн объектисине кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу лексика алынган.

Изилдөөнүн методологиялык базасы жана методдору катары кыргыз жана түрк тилинин иллюстрациялык материалдары, алардагы теориялык жоболор пайдаланылган. Андагы теориялык жоболорго, иллюстрациялык материалдарга карата сыпаттама, салыштырма, тектештирме-тарыхый, компоненттик илик жүргүзүү жана этнолингвистикалык методдор колдонулган. Бул методдор изилдөөдөгү алдыга койгон максатты ишке ашырууга жетишээрлик шарт түзгөн.

2. <u>Теманын актуалдуулугу</u>

Тандалган теманын актуалдуулугу, тил илими үчүн зарылдыгы төмөндөгү изилдөө багыттары менен түшүндүрүлөт:

1) адамзат доору канчалык өнүкпөсүн адам эмгеги, кол эмгеги – түбөлүк жер менен тыгыз байланышкан зарылдык. Техниканын өнүккөн доору болгонуна карабастан, өткөн доорго кайрылуу, анын мурдагы аталыштарына кайрылуу бул илимий эле эмес, турмуштук зарылдык катары кийинки муунга калтыруу өзгөчө жооптуу милдеттерден.

2) күн санап улам тыгыз байланышта болуп жаткан түрк тилин өздөштүрүү, илимий жактан байланышуу үчүн тилдик аталыштарды аныктап тактоо учурдун зарыл талабы.

3) кесипчиликтин тармагы болгон дыйканчылык кесиби атайын лингвистикалык багытта кыргыз жана түрк тилинде синхрондук планда да, диахрондук планда да ушул мезгилге чейин изилдөөнүн объектисине айланбагандыгы жана тектештирме салыштырма планда иликтенбегендиги;

4) тарыхый өнүгүүнүн маанилүү катмары катарында кыргыз жана түрк тилиндериндеги дыйканчылык лексикасынын изилдөөгө алынбагандыгы;

5) дыйканчылык лексикасы боюнча атайын комплекстүү илимий эмгектердин кыргыз жана түрк тилиндеринде жазылбагандыгы;

6) дыйканчылыкка байланыштуу аталыштарды топтоо, тактоо, классификациялоо, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрдү аныктоо багытында атайын изилдөө жүргүзүлбөгөндүгү;

7) дыйканчылык кесибиндеги тиешелүү сөздөр ушул кесиптин чөйрөсүндө жашап, адабий тилде белгисиз болуп келген атоолордун семантикасын ачып берүү сыяктуу маселелердин чечиле электиги.

3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары

1) Кыргыз жана түрк тилдери дыйканчылыкка байланыштуу кесиптик лексикага бай (2-бап / 2.5, 3.5);
2) Эки тилде тең оозеки кепте дыйканчылыкка байланышкан сөздөр бирдей колдонулат (2-бап / 2.8);
3) Эки тилде бирдей аталышка ээ болгон сөздөрдүн бар экендиги жана бул атоолор орток түрк тилдеринин төл сөздөрү болуп, эки элдин жашаган географиялык ареалы төл сөздөрүбүзгө таасирин тийгизе алган эместигинин ачып берилиши (2-бап / 2.2, 2.8, 3.5);
4) Эки эл географиялык жактан алыста жайгашып, ошого жараша сөздөрдү өздөштүрүүдө да коңшу жашаган элдердин таасир эткендигинин аныкталышы (2-бап / 2.8, 3.5);
5) Изилденген лексика-тематикалык топтордун дээрлик бардыгында лексикалык бирдиктердин басымдуу бөлүгүн төл сөздөр түзө тургандыгынын аныкталышы (3-бап / 3.5.2);.
6) Эки элдин жашоо шартына жараша дыйканчылыкты туюндурган сөздөр аймактык айырмачылыктарга да ээ (2-бап / 2.4);
7) Кыргыз-түрк тилдеринин дыйканчылык сөздөрүнүн көп пайызы морфологиялык ыкма менен уюшулат (3-бап / 3.3);
8) Дыйканчылык, эмгек процесстерине байланышкан атоолор коомдук саясий шартка байланыштуу (2- бап /2.4, 2.6, 3-бап /3.3, 3.5).

4. Диссертациядагы жыйынтыктардын жана корутундулардын илимий жактан негизделиши.

1-жыйынтык. Кыргыз жана түрк тилдери кесиптик лексиканын бир тармагы болгон дыйканчылыкка байланыштуу сөздөргө жана атоолорго бай экендиги көрсөтүлгөн. Алар сөздүк кор жана адабий тилдин курамын иликтөө аркылуу аныкталган.

2-жыйынтык. Эки тилде бирдей аталышка ээ болгон сөздөрдүн орток түрк тилдеринин төл сөздөрүнөн экендиги 2-баптагы параграфтар аркылуу далилденген.

3-жыйынтык. Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр морфологиялык ыкма менен көбүрөөк уюшулары 3-баптагы 3.2, 3.3, 3.3.1 параграфтарда берилген талдоолор жана мисалдар аркылуу далилденген.

4-жыйынтык. Эки эл географиялык жактан алыста жайгашып, ошого жараша сөздөрдү өздөштүрүүдө да коңшу жашаган элдердин таасир эткендиги 2, 3-баптагы 2.8, 3.5 параграфтарда ар тараптуу талдоолор аркылуу аныкталган.

5-жыйынтык. Дыйканчылык, эмгек процесстерине байланышкан атоолордун коомдук саясий шартка байланыштуу колдонулары эмгекте колдонулган мисалдар аркылуу далилденген.

6-жыйынтык. Тил менен элдин тарыхынын, философиясынын, маданиятынын тыгыз байланышта экендиги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдөн да көрүнөрү туруктуу эпитеттер, учкул сөздөр, макал-лакаптар аркылуу далилденген.

5. Сунушталган жыйынтыктардын жаңылык деңгээли.

1-жыйынтык жаңы, анткени кыргыз жана түрк тилиндеринде тарыхый өнүгүүнүн маанилүү катмары катарында дыйканчылык лексикасы буга чейин изилдөөгө алынган эмес.

2-жыйынтык жаңы, эки тилдеги дыйканчылыкка байланыштуу аталыштарды топтоо, тактоо, классификациялоо, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо сыяктуу иликтөө иши мурда жүргүзүлгөн эмес.

3-жыйынтык жаңы, кыргыз-түрк тилдериндеги дыйканчылык лексикасы атайын лингвистикалык өңүттө изилдөөнүн объектисине алынган эмес.

4-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, анткени, биринчиден, башка тилдердин таасирине кабылбаган бир да тил болбойт, экинчиден, Түркия Кыргызстанга салыштырмалуу аймактык -территориялык жактан Европага чектеш болуп субтропикалык алкакта жайгашкандыктан тропиктик өсүмдүктөр, мөмө -жемиштери, маданий өсүмдүктөрү менен айырмаланат. Мына ошондуктан тектеш эки тилде лексикалык айырмачылыктар кездешпей койбойт.

5-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, кыргыз лексикасынын басымдуу бөлүгүн орус тили же орус тили аркылуу кирген дүйнөлүк тилдерден келип кирген сөздөр түзөт. Союз мезгилинде бирдиктүү мамлекет катары бардык *техникалар, шаймандар, аспаптар, технологиялык* аракеттер орус тилинен же орус тили аркылуу кирген Түрк тилинде техникаларга байланыштуу атоолор гана башка тилдерден оошпосо, дыйканчылыктын калган тармактарында көпчүлүк сөздөр түрк тилинин төл сөзүнөн жасалган же уңгусу башка тилден алынса да, мүчөсү түрк тилине тиешелүү сөздөрдөн. Мындай кубулуш эки тилди салыштыруу аркылуу белгиленген.

6-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, Дыйканчылык лексикасынын дыйканчылыктын өсүп–өнүгүшүн, калыптанышын таанытуу менен тилдин тарыхын билүүгө, маданий-тарыхый маселелерди чечүүдө маанилүү орунду ээлөөсү диссертациялык иштин экинчи, үчүнчү баптарындагы мисалдардын негизинде аныкталган.

6. Алынган жыйынтыктардын теориялык жана колдонмо багыттарга тиешелүү маселелерди чечүүдөгү наркы.

Изилдөө жүргүзүүнүн натыйжасында алынган жоболордун жана жыйынтыктардын негизинде тил илиминде кыргыз-түрк тилдеринин

лексикасынын негизги курсунун тармактык терминсистемасын аныктоого болору илимий иштин теориялык баалуулугу болуп саналат.

7.Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.

Иштин практикалык мааниси бар, анткени ушул кесип боюнча эки тилдүү жана түшүндүрмө сөздүктөрдү түзүүгө болот. Бул эмгектин материалдарын тил илими багытындагы адистер, дыйканчылык, багбанчылык курстарында, агрономия адистиктеринде билим алып, же ушул адистикте эмгектенип жаткандар колдонсо болот.

8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарыяланышы.

Диссертациянын негизги мазмуну изденүүчүнүн төмөндөгү илимий эмгектеринде чагылдырылган:

1. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын айрым өңүттөрү [Текст] / К.Семиз // Наука и новые технологии. -2013. №8.
2. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасын изилдөөнүн айрым маселелери жөнүндө [Текст] / К.Семиз // Наука и новые технологии. -2014. №6
3. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын изилдениш тарыхы жөнүндө [Текст] / К.Семиз // К.Карасаев ат. БГУнун Жарчысы. -2015. №3-4. -33-34-бб.
4. Семиз, К. Дыйканчылык лексикасынын жасалыш жолдорун изилдөөгө карата [Текст] / К.Семиз // Кыргыз тили жана адабияты журналы. -2016. №29.
5. Семиз, К. Лексико-семантическая классификация земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках [Текст] / К.Семиз // Международный научный журнал «Spirit time». -2019. №2 (14).
6. Семиз, К. Сравнительный план морфемного состава земледельческой лексики в кыргызском и турецком языках [Текст] / К.Семиз // Международный научный журнал «Spirit time». -2019. №2 (14).

9. Автореферaттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну кыскача чагылдырылган. Автореферат диссертацияга дал келет.

10. Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши.

Семиз Кенандын «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча эксперттик комиссиянын төрайымы, филология илимдеринин доктору, доцент Б. Сагынбаева төмөндөгүлөрдү сунуш кылат:

Жетектөөчү мекеме катары: К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасы. Дареги: 722200, Каракол шаары, Ж.Абдрахманов көчөсү, 103.

Биринчи расмий оппонент – Сагынбаева Бурул – филология илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин түркология бөлүмүнүн башчысы.

Илимий эмгектери:

Сагынбаева, Б. Азыркы түрк тилдериндеги морфологиялык парадигматика [Текст] / Б.Сагынбаева. –Б., 2007.

Сагынбаева, Б. Түрк жана кыргыз тилдеринин салыштырма морфологиясы [Текст] / Б.Сагынбаева. –Б., 2010.

Сагынбаева, Б. Кыргыз тилинин функционалдык грамматикасы [Текст] / Б.Сагынбаева. –Б., 2015.

Экинчи расмий оппонент – Карыбекова Майрамкүл – филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын доц.м.а.

Илимий эмгектери:

Карыбекова, М. Көркөм сүрөт өнөрү жана архитектура боюнча терминологиялык сөздүк тууралуу [Текст] / М.Карыбекова // Вестник УСТА. –Бишкек, 2005. Вып. 4(10). -135-139-б.

Карыбекова, М. Көркөм сүрөт өнөр терминологиясындагы интернационалдык терминдер [Текст] / М.Карыбекова // Гуманитарные проблемы современности. –Бишкек, 2011. -66-72-б.

Карыбекова, М. Көркөм сүрөт терминдеринин жасалуу жолдору [Текст] / М.Карыбекова // Вестник КГУСТА. –Бшкек, 2010. Вып. 3(29). -181-184-б.

Семиз Кенандын **«Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери** адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши КРнын ЖАК тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет жана аталган изилдөө ишинен алынган тыянак-натыйжалар тил теориясы үчүн теориялык жана практикалык маниге ээ. Андыктан И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 10.19.594 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү катары Семиз Кенандын «Кыргыз жана түрк тилиндеги дыйканчылык лексикасынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин ачык коргоого сунуштайм.

Эксперттик комиссиянын төрайымы,
филология илимдеринин доктору,
доцент Б. Сагынбаева

КЕҢСЕ

Диссертациялык кеңешке 2019-жылдын 25-ноябрында кирип түштү.